КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
МОСКВА РАЙОНУ
ТӨРТ-ГҮЛ
АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
ТӨРТ-ГҮЛ
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
МОСКОВСКИЙ РАЙОН
ТОРТ-ГУЛЬСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ТОРТ-ГУЛЬСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Төрт-Гүл айылдык кеңешинин**
**I чакырылышынын кезектеги XVI ачык сессиясынын токтому**

**2026-жылдын 24-апрелиндеги № 82**

**Петровка айыл өкмөтүнүн муниципалдык турак жайларын берүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу 2023-жылдын 30-майындагы №108-5 токтомуна өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө**

Мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, калк арасында коомдук тартипти камсыз кылуу, жарандардын арыздарын жана даттануулары карoo, жаштар иштери жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын төрагасынын 2023-жылдын 30-майындагы №108-5 "Петровка айыл өкмөтүнүн муниципалдык турак жайларын берүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү жана толуктоо киргизүү боюнча маалыматын угуп жана талкуулап, Торт-Гүл айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. 2023-жылдын 30-майындагы №108-5 "Петровка айыл өкмөтүнүн муниципалдык турак жайларын берүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүү жана толуктоо киргизилсин.
2. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө мыйзамдуулукту жана укук тартибин сактоо, жарандардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, калк арасында коомдук тартипти камсыз кылуу, жарандардын арыздарын жана даттанууларын карoo, жаштар иштери жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага Ж.К. Маматкеримов

Төрт-Гүл айылдык
кеңешинин 2026-жылдын
24-апрелиндеги №82
токтому менен бекитилген.

**Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турак жайларды берүү тартиби жөнүндө жобо**

## 1-БӨЛҮК. Жалпы жоболор

**1.** Ушул Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн муниципалдык турак жай фондунун турак жайларын берүү тартиби жөнүндө Жобо (мындан ары – **Жобо**) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексине ылайык иштелип чыгып, социалдык колдоого муктаж жарандардын айрым категорияларына муниципалдык турак жай фондунун турак жайларын берүүнүн бирдиктүү тартибин жана шарттарын аныктайт.
**2.** Ушул Жобонун талаптары Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарына жайылтылат.
**3.** Ушул Жобонун максаттары үчүн төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат:

1) **Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн муниципалдык турак жай фонду** – Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган жана ушул Жободо белгиленген тартипте социалдык колдоого муктаж жарандардын айрым категорияларына берүү үчүн арналган турак жайлардын жыйындысы.
2) **Социалдык колдоого муктаж адамдар** – Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жана ушул Жободо белгиленген талаптарга жооп берген Кыргыз Республикасынын жарандары.
3) **Комиссия** – турак жайларды берүү маселелерин кароо үчүн түзүлгөн Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн жана Төрт-Гүл айылдык кеңешинин биргелешкен социалдык комиссиясы.

## 2-БӨЛҮК. Жарандарды эсепке алуу жана турак жайларды берүү тартиби

**4.** Социалдык колдоого муктаж жарандарды эсепке алуу, турак жай алуу кезегин белгилөө жана турак жайларды бөлүштүрүү Төрт-Гүл айыл өкмөтү менен Төрт-Гүл айылдык кеңешинин биргелешкен комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.
**5.** Социалдык колдоого муктаж жарандарга турак жай ушул Жободо белгиленген тартипте алардын туруктуу жашаган жери боюнча берилет.
**6.** Төрт-Гүл айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексине ылайык, комиссиянын чечиминин негизинде муниципалдык менчигинде турган турак жайларды пайдаланууга берүүгө, анын ичинде турак жайды пайдалануунун тартиби жана шарттары жөнүндө тиешелүү келишимди түзүүгө укуктуу.
**7.** Социалдык колдоого муктаж жаранды эсепке алууга алуунун негизи болуп Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексине ылайык турак жай бөлүп берүү жөнүндө Комиссиянын төрагасынын атына берилген арыз саналат.

**8.** Арызда арыз ээсинин фамилиясы, аты, атасынын аты, үй-бүлө курамы, иш жүзүндөгү катталган жери жана турак жай-тиричилик шарттарын текшерүү жөнүндө акт көрсөтүлөт.

**9.** Арызга төмөнкү документтер тиркелет:

**1)** жашаган жери боюнча тиешелүү уюм (райондун калкты каттоо бөлүмү же муниципалдык аймактык башкармалык) тарабынан берилген үй-бүлө курамы жөнүндө маалымкат;

**2)** кыймылсыз мүлккө болгон укуктарды жана алар менен түзүлгөн бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоону жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу органдан жарандын жана анын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жеке менчик укугунда жашоого жарактуу турак жайынын бар же жок экендиги жөнүндө маалымкат;

**3)** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жарандардын тиешелүү категориясына таандык экендигин ырастоочу документтер.

**10.** Арыз белгиленген форма боюнча жүргүзүлүүчү турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандарды эсепке алуу жөнүндө жарандардын арыздарын каттоо китебине катталат.

**11.** Турак жайларды берүү кезеги жаранды эсепке алуу датасына жараша аныкталат.

**12.** Жаранды эсепке алуу же эсепке алуудан баш тартуу жөнүндө ага жазуу жүзүндө билдирилет. Эсепке алуудан баш тартуу жөнүндө билдирүүдө баш тартуунун себептери көрсөтүлүүгө тийиш.

**13.** Эгерде жаран тарабынан берилген маалыматтар чындыкка дал келбесе, аны эсепке алуудан баш тартылат.

**14.** Жарандарды эсепке алуу китеби тигилип, Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн мөөрү менен бекемделет жана жарандарды эсепке алуунун туура жүргүзүлүшүнө жооптуу кызмат адамы тарабынан күбөлөндүрүлөт.

**15.** Эсепке алуу китебинде оңдоолорду киргизүүгө жана өчүрүүлөрдү жүргүзүүгө жол берилбейт.

**16.** Турак жай шарттарын жакшыртууга муктаж жарандардын эсепке алуу китебине киргизилген ар бир арыз боюнча өзүнчө эсепке алуу иши жүргүзүлүп, анда бардык зарыл документтер сакталат. Эсепке алуу ишинин номери эсепке алуу китебиндеги номерге туура келет.

**17.** Эсепке алуу иштери жана эсепке алуу китептери Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинде белгиленген тартипте сакталат.

**18.** Жарандар төмөнкү учурларда турак жай шарттарын жакшыртууга муктаждардын эсебинен чыгарылат:

**1)** турак жай шарттарын жакшыртууга укук берүүчү негиздер жоголгондо;

**2)** башка калктуу конушка туруктуу жашоо үчүн көчүп кеткенде;

**3)** эсепке алынган жери боюнча эсептен чыгаруу жөнүндө арыз бергенде.

**19.** Жарандарды эсептен чыгаруу чечимин аларды эсепке алууга ыйгарым укуктуу орган кабыл алат.

**20.** Жаранды эсептен чыгаруу жөнүндө ага жазуу жүзүндө билдирилет.

**21.** Социалдык колдоого муктаждардын эсебинде турган жарандарга турак жайлар Комиссиянын чечиминин негизинде, Төрт-Гүл айыл аймагынын аймагында бош турган жана (же) бошотулган турак жайлардын болушуна жараша берилет.

**22.** Комиссиянын чечиминин негизинде Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн башчысы жаран менен турак жайды пайдалануунун тартиби жана шарттары жөнүндө келишим түзөт.

## 3-БӨЛҮК. Турак жайларды пайдалануунун тартиби жана шарттары

**23.** Турак жай жаранга турак жайды пайдалануунун тартиби жана шарттары жөнүндө келишимдин жана турак жайды кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде берилет.
**24.** Муниципалдык турак жай фондунун турак жайы менчиктештирүүгө, ээликтен ажыратууга, сатууга, белекке берүүгө, алмаштырууга, ижарага (кошумча ижарага) берүүгө, кайра жабдууга, кайра пландаштырууга, күрөөгө коюуга, ошондой эле турак жайды тескөөгө байланышкан башка бүтүмдөрдү жасоого жатпайт.
**25.** Комиссиянын макулдугу менен турак жайды пайдалануунун тартиби жана шарттары жөнүндө келишимдин айрым шарттары турак жайдын техникалык абалын, өзгөчөлүктөрүн, жайгашкан жерин жана башка жагдайларды эске алуу менен өзгөртүлүшү мүмкүн, эгерде мындай өзгөртүүлөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбесе.
**26.** Эгерде турак жай балдары бар үй-бүлөгө берилсе, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, турак жайды пайдалануу укугу үй-бүлөдөгү эң кичүү бала он сегиз жашка толгонго чейин сакталат.

## 4-БӨЛҮК. Жарандарды турак жайдан чыгаруунун негиздери

**27.** Муниципалдык турак жай фондунун турак жайын пайдалануу укугу төмөнкү учурларда токтотулат:

**1)** коомдук тартипти бузганда (коңшулар менен чыр-чатактарды жаратуу, алкоголдук ичимдиктерди системалуу түрдө колдонуу, бирге жашоо эрежелерин бузуу жана ушуга окшош башка аракеттер);

**2)** жүйөлүү себептерсиз коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү системалуу түрдө төлөбөгөндө;

**3)** турак жайды же жалпы пайдалануудагы мүлктү максатсыз пайдаланганда же муниципалдык мүлккө зыян келтиргенде;

**4)** жүйөлүү себептерсиз турак жайда удаасы менен **30 (отуз) календардык күн** жашабаганда.

**28.** Турак жайдан чыгарылууга тийиш болгон жаранга Комиссиянын чечими кабыл алынган күндөн тартып ээлеп турган турак жайды бошотуу үчүн **бир айлык мөөнөт** белгиленет.
**29.** Белгиленген мөөнөттө жаран турак жайды бошотуудан баш тарткан учурда, аны турак жайдан чыгаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде жүзөгө ашырылат.
**30.** Турак жайды бошотууда жаран аны кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлүнө өткөрүп берүүгө милдеттүү.

## 5-БӨЛҮК. Комиссиянын ишин уюштуруу

**31.** Комиссиянын негизги максаты болуп жарандарды эсепке алуу тартибинин сакталышын камсыз кылуу, ошондой эле турак жайларды адилеттүү бөлүштүрүүнү жана пайдаланууну уюштуруу саналат.
**32.** Комиссия өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

**Комиссиянын негизги милдеттери:**

**1)** турак жайларды эсепке алуу жана бөлүштүрүү маселелеринде коомдук көзөмөлдү камсыз кылуу;

**2)** турак жайларды өз убагында жана туура бөлүштүрүүнү камсыз кылуу.

**Комиссиянын негизги функциялары:**

**1)** турак жайга муктаж жарандарды туура эсепке алууну камсыз кылуу;

**2)** турак жайга муктаж жарандардын арыздарын кароо, тиркелген документтерди текшерүү жана арыздар боюнча чечимдердин долбоорлорун даярдоо;

**3)** турак жайларды бөлүштүрүү боюнча сунуштарды даярдап, Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн башчысынын бекитүүсүнө киргизүү.

**33.** Жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды аткаруу үчүн Комиссия төмөнкү укуктарга ээ:

**1)** ушул Жобого ылайык оң же жүйөлүү баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алуу;

**2)** зарыл документтер берилгенге чейин же маселени кошумча иликтөө үчүн чечим кабыл алууну белгилүү мөөнөткө жылдыруу;

**3)** жарандарды турак жай менен камсыз кылууга байланыштуу кошумча маалыматтарды, документтерди жана башка зарыл болгон маалыматтарды суроо.

## 6-БӨЛҮК Корутунду жоболор

**34.** Жарандардын турак жай мамилелерине байланышкан маселелер ушул Жобо менен жөнгө салынат. Ушул Жобо менен жөнгө салынбаган бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын турак жай мыйзамдарынын ченемдери колдонулат.

**35.** Төрт-Гүл айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги жарандардын жашоосу үчүн берилүүчү турак жайлар белгиленген санитардык жана техникалык талаптарга жооп берүүгө, Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинде жана башка ченемдик укуктук актыларда турак жайларга карата белгиленген талаптарга ылайык болууга, ошондой эле өзүнүн максаттуу багыты боюнча гана пайдаланылууга тийиш.

**36.** Авариялык жана эскилиги жеткен үйлөрдөгү, барактардагы, жертөлөлөрдөгү жана жашоо үчүн ылайыкташтырылбаган башка курулуштардагы, ошондой эле бузууга, капиталдык ондоого же турак эмес жайга өткөрүүгө тийиш болгон үйлөрдөгү, анын ичинде бошогон турак жайларды жарандарга берүүгө жол берилбейт.